**И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинде каржы – чарбачылык, окуу, окуу – методикалык, илимий, тарбия иштердин жана мамлекеттик тилди өнүктүрүүнүн абалы тууралуу И. Раззаков атындагы КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин**

**ТОКТОМУ**

**Бишкек ш.** **26.01. 2022 – ж.**

№ 1/172 04.10.2021– ж. буйругу менен түзүлгөн комиссиянын төрагасы Х.Т.Касмамбетовдун докладын угуп жана талкуулап, Окумуштуулар кенеши төмөнкүлөрдү белгилейт.

**Жалпы маалыматтар.** И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжи (мындан ары - колледж) алгач Кесиптик орто билим берүү бөлүмү (КОББ) катары КРнын ББжИМдин 15.06.2000 – ж. № 403/1 буйругу менен түзүлгөн. 2013-ж. КМТУнун Окумуштуулар кеңешинин 24.04.2013 – ж. № 1/61 токтому менен атын өзгөртүп, "И. Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжи" деп аталган жана колледждин статусу юридикалык жак катары КМТУнун түзүмдүк бөлүгү болуп саналат. КМТУнун Политехникалык колледжи КР "Билим берүү жөнүндө" мыйзамынын, КР ББжИМдин ченемдик жоболорунун, КМТУнун Уставынын жана колледждин Уставынын, КМТУнун жана колледжинин нормативдик жоболорунун негизинде өз ишмердигин жүргүзөт.

Орто кесиптик билим берүү (ОКББ) тармагында 12 адистик боюнча лицензиялар жана алардын тиркемелерине билим берүү ишмердигин жүргүзүү укугуна ээ. КР КОББ адистиктеринин классификаторуна ылайык, колледждеги окуусун аяктаган бүтүрүүчүлөргө төмөнкүдөй квалификациялар ыйгарылат: "техник", "модельер-конструктор", "техник – электрик", "техник – механик", "техник – электромеханик".

**Студенттердин контингенти** 2019–2021-ж.чейинки аралыкта туруктуу тенденциясын көрсөттү, бул колледждин адистиктерине талаптардын өсүүсүн далилдейт. Адистиктер боюнча студенттердин жалпы саны бекитилген ченемдүү контингентке ылайык келет: бардыгы 1250 адам окуйт, анын ичинде 9-кл. базасында - 1081 адам, 11-класстын базасында – 169 адам. Окуу мөөнөтү негизги жалпы билим берүү базасында – 2 ж. 10 ай, орто билим берүү базасында – 1 ж.10 ай. Абитуриенттерди кабыл алуунун планы боюнча туруктуулугу байкалууда: 2019-ж. 617 адам; 2020-ж. – 549 адам; 2021- ж. – 551 адам кабыл алынды. Аянт боюнча: нормага ылайык бир студентке 7 кв.м. болсо, колледждин бир студентине эсеп менен 2 кв.м., демек, лицензиялык талаптарга жооп бербейт.

**Кадрдык курам** ПАБ (АУП), ОЖП (УВП), КТП (МОП) жана окутуучулар курамынын (ОКнын) кызматкерлеринен түзүлгөн (штаттык жана биргелештирүү), профилдик базалык билим берүүгө, педагогикалык тажрыйбага, өндүрүштүк стажга жана квалификацияга ылайык комплекттелинген, кесиптик орто окуу жайлардын (КООЖдын) көрсөтүлгөн талаптарына жана адистерди даярдоо багыттарына туура келет. ОКнын саны колледждин жылдык окуу жүгүнө ылайык аныкталат. Бардыгы 97 окутуучу иштейт, анын ичинен 57 штаттык (58 %), 31 айкалыштыруу (КМТУдан 32 %) жана 9 окутуучу өндүрүштөн (10 %) болуп, өз ара байланышы боюнча лицензиялык талаптарга жооп бербейт (нормасы 80 %).

2021-ж. 23 - апрелде **КМТУнун Политехникалык колледжинин 2021-2030 - жылдар аралыгына Өнүгүү стратегиясы** бекитилген, анда колледждин миссиясы, стратегиялык максаттары жана миллеттери аныкталган. Колледждин Өнүгүү стратегиясын ишке ашыруу боюнча деталдуу иш-чара пландары иштелип чыккан, ага ылайык ишмердиктин багыттары боюнча жылдык план түзүлөт. Пландык жана отчеттук документацияларды даярдоо белгиленген мөөнөттөрдө өткөрүлөт.

Социалдык өнөктөштөр менен байланышты өркүндөтүү, профориентациялык иштердин сапатын жогорулатуу жана колледжди таанытуу максатында иштеген **профориентациялык борборду** белгилеп кетүү зарыл. Колледждин бүтүрүү курсунун студенттерине жалпы республикалык тестирлөөгө даярдоо боюнча кошумча курстар бекер уюштурулуп келет. Эмгек рыногунда колледждин бүтүрүүчүлөрү бардык адистиктер боюнча суроо-талапка ээ. Белгилей кетсек, ишке орношуу 2019-ж. 82 %; 2020-ж. 62 %; 2021-ж. 63 % түздү, анын ичинде 2019-ж. бүтүрүүчүлөрдүн 46 %, 2020-ж. 39 %, 2021-ж. 37 % КМТУга окууга өттү.

**Окуу иштери.** Колледждин бүтүрүүчүлөрү тездетилген программа боюнча КМТУда окуусун улантуу мүмкүнчүлүгүн эске алуу менен колледж үзгүлтүксүз кесиптик билим берүү "колледж - ЖОЖ" моделин ишке ашырат. Буга байланыштуу окуу процесси КМТУнун бүтүрүүчү кафедралар менен бирге иштелип чыккан жана иш берүүчүлөр менен макулдашылган программалар боюнча жүргүзүлөт.

Колледжде окутуу КР орто кесиптик билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандарты (ОКББ МБС) боюнча жүргүзүлөт. Ар бир адистик боюнча негизги кесиптик билим берүү программасы - окуу планды, окуу дисциплиналардын жумушчу программаларды жана силлабустарды камтыйт. Окуу процесси окуу планынын бардык адистиктери боюнча кредиттик технологиянын негизинде ишке ашырылат.

МАК (ГАК) уюштуруу жана өткөрүү толук процедурага ылайык өткөрүлөт. Бүтүрүүчү курстун студенттери үчүн мамлекеттик сынак боюнча программа жана дипломдук долбоорлорду (ДД) аткаруу боюнча методикалык көрсөтмөлөр иштелип чыккан. Бардык ДД темалары жыл сайын жаңыртылат жана ОКББ МБС ылайык адистиктердин талабына жооп берет. 2018-19-о.ж. бүтүрүүчүлөрдүн саны 446 адамды түздү, анын ичинен 17 адам, 2019-20-о.ж. – 463 адам, анын ичинен 15 адам, 2020-21- о.ж. – 403 адам, анын ичинен 19 адам артыкчылык дипломдорун алышты

КМТУнун Билим берүү сапаты бөлүмү (ББСБ) менен биргелешип колледжде "Билим берүү сапаттуулукту баалоо системасы жөнүндө" жобосу иштелип чыкканын комиссия белгилейт. ОКББнын институционалдык жана программалык аккредитациясын эске алуу менен бирге колледждин ишмердүүлүгүнүн башкарууда процесстик-багыттык өнүктүрүүнү. сапаттуулулукту камсыздоочу ички моделинин системасы көрсөтүлгөн, программалык жана институционалдык деңгээлдеги өнүгүү процесси чагылдырылган. Отчеттук мезгилде бардык колледждин НКББПлары программалык жана институционалдык аккредитациядан эң жогорку деңгээлде өтүшүн комиссия белгилейт (4-төн 3,9 балл).

Колледждин Өнүгүү стратегиясына ылайык кесиптик билим берүүнүн сапатын баалоо системаларын жайылтуу окуу жайдын ишмердигинин багыттарынын бири болуп саналарын белгилөө зарыл. Бул багытта алган билимди, ыктарды, машыгууларды кеңейтүү жана бекитүү, студенттердин өз алдынча иш жүргүзүүсүн (СРС) уюштурууну өркүндөтүү, студенттердин дисциплиналарды тереңдетип үйрөнүүсүнүн мотивациясын, тандап алган кесибине кызыгууну жогорулатуу жана окутуучулардын кесиптик өсүүсүн стимулдаштыруу максатында жыл сайын Билим Декадасы өткөрүлөт. Бул иш-чаранын алкагында 2019-ж. колледждин демилгеси менен Бишкек ш. техникалык багыттагы окуу жайлардын студенттеринин арасында математика жана физика сабактары боюнча I шаардык предметтик олимпиадасы жана кесиптик чеберчилик боюнча Биринчи Республикалык«Кесиптер чемпионаты» уюштурулуп, ийгиликтүү өткөзүлдү. 2021-ж. бардык сабактар боюнча олимпиадалар колледжде өтүлүп баштады.

***Жетишүү жана катышуу*** колледждин окуу бөлүмү, кураторлор жана студенттин өзүн өзү башкаруу кеңеши менен жума сайын көзөмөлдөнөт. Колледж боюнча жалпы билим берүү жана адистик дисциплиналар боюнча студенттердин окуудагы абсолюттук жана сапаттуу жетишүүсү төмөнкүгө шайкеш келет: 2018-2019-о.ж.– 84/9 %, 2019-2020- о.ж. – 86/10%, 2020-2021- о.ж. 90/22%. Катышуусу: 2018-2019-о.ж.– 88 %, 2019-2020- о.ж. – 82 %, 2020-2021- о.ж. 81%.

Колледждин окуу бөлүмүндө студенттердин сабакка катышуусун белгилөөчү журналы бар жана жума сайын катышуунун анализи жүргүзүлөт. Бул ата-энелер менен тыгыз байланышууга негиз болот. Бардык ата-энелер менен болгон телефон сүйлөшүүлөр чалуулар "Ата-энелер менен байланыш" журналына жазылат. Колледждин башкармалыгы тарабынан жума сайын атайын билим берүү сапатын жогорулатуу максатында иш-чаралар өтүп турат: жоопту адистер сабактардын жүгүртмөсүнүн сакталуусун көзөмөлгө алышат, колледжде студенттердин сабактарга катышуусуна жана алардын жетишүүсүнө атайын көңүл бурулат, психологдун жана студенттердин өздүк башкаруу кеңешинин, тартип бузуунун алдын алуу Кеңешинин катышуусу менен билим деңгээлинин, катышуусунун, активдүүлүгүнүн жана жүрүм-турумунун мониторинги өткөрүлөт, ошондой эле жума аралыгында өткөрүлгөн иштердин негизинде жыйынтык чыгарылып, жалпы колледждин студенттер жыйынында жеңүүчүлөр аныкталат.

Бүтүрүүчүлөрдүн дараметин күчөтүү жана жумушка орношуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу максатында колледж эмгек рыногунда жумуш берүүчүлөр менен тыгыз байланышта иш алып барат. Колледждин КР өнөр жайларынын ар түрдүү тармактагы ишканалары менен чыгармачыл жана өндүрүштүк өз ара байланыштары бар. Жалпы 103 келишим, а.и. 65 – практиканын бардык түрүн өткөрүүгө түзүлгөн. Андан сырткары 27 ОКБЖ (спуз), 2 ЖОЖ, 1 ДМЧ адам (ЛОВЗ), 3 өнөрдүрүштүк жай. Анын ичинен: 9 чет элдик өнөктөш.

**Окуу-методикалык иштер.** Колледжде окуу-методикалык комиссия жана предметтик- циклдик комиссиялар (ПЦК) иштейт, алар өзүнүн ишмердигинин планы бекитилген тартиптеги Жоболорго ылайык уюштурат. Азыркы учурда колледжде адистиктин профилине ылайык 209 дисциплина бекитилген. Бардык дисциплиналар боюнча 97%ы толук окуу–методикалык комплекстери (ОМК) https://online.kstu.kg/ порталында бар. Бирок бардык лабораториялык сабактар жана практикалык иштер керектүү окуу-методикалык материалдар менен толук камсыздалган эмес. Ошондуктан бул багыт боюнча окуу-методикалык иштелменин планы жана басылып чыккан пландары иштелген.

Жалпы билим берүүчү дисциплиналар боюнча КР ББжИМ бекиткен окуу программалары колдонулат; адистик дисциплиналар боюнча КР ОКББ МБСна ылайык бардык жумушчу программалар, ОМК иштелип чыккан жана бекитилген; окутуунун кредиттик технологиясы боюнча бардык дисциплиналарга КМТУнун жана колледждин жоболорунун негизинде силлабустар иштелип чыккан.

2019-ж. жалпы көлөмү 148,5 б.б. турган 33 иш аткарылган, башкача айтканда, көлөмү 20,9 б.б. болгон 2 иш ашыкча аткарылган (план боюнча 127,6 б.б. турган 31 МК). Анын ичинен КР ББжИМ мөөрү менен 1

иш, 11 окуу куралы жана 21 МК чыгарылды. 2020-жылы жалпы көлөмү 24,5 б.б. турган 9 иш пландалып, анын көлөмү 88 б.б. 2 МК чыгарылган, 3 б.б басмага даярдалып турат. Пандемия учурунда жана убактылуу каражаттын жетишсиздигинен улам пландалган эмгектер жарык көргөн эмес. 2021-ж. жалпы көлөмү 93,8 б.т. болгон 7 иш пландалып аткарылган, бирок кайрадан 2021-ж. каржылоонун жетишсиздигинен улам жарыялоо 2022-ж. жылдырылды.

Колледжде ишке ашырылуучу дисциплиналар боюнча окуу китебинин 1251 электрондук жана 25647 катуу варианттары бар. Билим берүү https://online.kstu.kg порталында 95,3 % ОМКлар, 760 контролдук текшерүүчү материалдар, 447 видеосабактар, 1399 презентациялар жайгаштырылган.

**Илимий-изилдөө иштери жана квалификацияны жогорулатуу** боюнча акыркы жылдарда окутуучулардын квалификациясынын деңгээлинде позитивдүү өзгөрүүлөр белгиленүүдө. Бүгүнкү күндө колледжде 7 илимдин кандидаты, 17 кызматкер экинчи жогорку билимдүү, 1 эмгек сиңирген энергетик, 1 КР өнөр жай жана энергетигианын мыктысы, 17 экинчи жогорку билимдүү, 12 аспирант, 18 магистрант, 2 билим берүүнүн мыктысы эмгектенет. 2019-2021 – ж.ж. колледждин окутуучуларынын 9 илимий макалалары жарыяланды, 5 илимий конференцияларга, 5 көргөзмөгө катышты, 2 автордук күбөлүк алынды, 159 кызматкер ар түрдүү формадагы квалификациясын жогорулатуудан өттү (100%). Колледждин студенттери окуу–изилдөө илимий иштерине дагы активдүү катышат. Отчеттук мөөнөт мезгилинде студенттердин окуу-изилдөө иштери боюнча: 7докладдар, 8макеттер жана стенддер, 6 тигилген буюмдардын коллекциясы көрсөтүлдү. Жыйынтыгында 7 студент 1,2,3- даражадагы дипломдорду алышты.

**Долбоорлордогу иштер.** Колледждин өнүгүшүнө өбөлгө түзгөн гранттык негизде алынып келген кошумчаларды комиссия белгилейт. Колледж жана Азия өнүктүрүү банкынын "Кесиптик билим берүү жана машыгууну өнүктүрүү" долбоорунун ортосундагы келишимдин негизинде отчеттук мезгилде 953798 сомго жабдуулар, эмеректер жана окуу китептер алынып келген. Ошондой эле 2021-ж. автоматташтырылган долбоорлоо системасы боюнча компания "САПРЛЕГПРОМ" колдоосу менен "Julivi" программасы бекер коюлган.

**Окуу-материалдык база.** Оперативдик башкармалыгында колледж 3649,83 м². жалпы аянтты ээлейт. Колледждин Уставына жана 27.05.2014-ж. №103/14 келишимге ылайык, окуу сабактарынын жүгүртмөсү боюнча сабактарды өткөрүүгө КМТУнун аудиториялары жана башка окуу имараттары колдонулат. Колледж ошондой эле ААК "Түндүкэлектр" өндүрүштүк окуу борборун колдонот. Колледждин инфрастуруктурасын жакшыртуу боюнча администрация тарабынан чоң иштер жүргүзүлүүдө. Окуу корпусунда, жатаканада жана колледжге бекитилген аянт коммуникацияны, жарыктандыруу ж.б. алмаштыруу менен капиталдык оңдоо иштери өткөрүлдү. 2020-2021-о.ж. камсыздалган 5 окуу бөлмө ачылды.

Колледжде күн-түн күзөт кызматы иштеп, бардык окуу имаратында жана тиешелүү аймагында: үнү менен видеокөзөмөл орнотулган; кабаттарда жана аудиторияларда кондиционер, өрт коопсуздугунун сигнализациясы орнотулган, эвакуация планы илинген; официалдуу жана мамлекеттик тилде тыюу салынган белгилер, кошумча чыгуу жолдорунун пиктограммалары илинген.

Белгилей кетсек, колледж заводдон чыгарылган жана өз күчү менен окуу имаратын заманбап мультимедиялык жана лабораториялык жабдуулар менен 100 % камсыздаган.

**Тарбия иштери** бекитилген иш планына ылайык жүргүзүлөт. Комиссия жетиштүү деңгээлде уюштурулган кураторлук иштерди белгиледи. Колледждин ар бир тайпасынын портфолиосу бар, анда бардык маалыматтар көрсөтүлгөн. 2021-ж. баштап студенттердин кесиптик жетишкендиктердин портфолиосу даярдоого өткөнүн комиссия белгилейт.

Укук бузууну алдын алуу боюнча комплекстик иш планына ылайык Бишкек ш. Биринчи Май районун РИИБ менен бирдикте тарбия иштери жүргүзүлөт.

Жатаканада жашаган колледждин студенттери үчүн бардык керектүү шарттар – жагымдуу жана ыңгайлуу жашоосу санитардык норма эрежелерине ылайык түзүлгөнүн комиссия белгилейт.

№1 жатаканасында жашаган студенттердин коопсуздугун сактоо жана өткөрүү режимин текшерүү үчүн күнү-түнү вахта иштейт. Колледждин №1 жатаканасында жашаган студенттердин жалпы саны: 62. Алардын ичинен жашы жете элек өспүрүмдөр - 48 студент.

Колледждин студенттик өзүн-өзү башкаруу жөнүндө Жоболору жана Уставы боюнча иштеген студенттик өзүн-өзү башкаруу кеңешинин (СӨБК) иши жолго коюлган. Колледжде тиричилик эс алууну уюштуруу жетиштүү деңгээлде өткөрүлөт.

**Колледждеги мамлекеттик тилди өнүктүрүүдөгү ишмердигин** комиссия белгилейт: жыл сайын 15-сентябрдан 25-декабрга чейин Мамлекеттик тил фестивалы өткөрүлөт. Азыркы учурда колледждин 99 нормативдик - укуктук актысы ишке ашырылган жана 100 % мамлекеттик тилге которулган. Бүгүнкү күндө Мамлекеттик тилде иш кагаздарын алып баруу 74%ды түзөт, көрсөткүчтүн орто саны 94.

**Каржы-чарбалык ишмердиги.** Кирешелер студенттердин контракт менен окутууга төлөнгөн акылардын эсебинен түзүлөт. Негиздөөчү менен макулдашылган акы төлөнүүчү билим берүү кызматынын баасынын прейскуранты 3 жылга бар. Бухгалтердик эсеп нускамага ылайык, бухгалтердик эсептин жана отчеттуулукту жүргүзүүнүн бирдиктүү тартиби КР Финансы министрлигинин 2018-ж. 25-декабрындагы №137 "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө жобону бекитүү тууралуу" буйругу менен аныкталган.

Бухотчеттуулук белгиленген тартипте өсүү жыйынтыгы боюнча түшүндүрмө кат жана тиркемелер менен КР ББжанаИМде балансты статьяларын расшифровкалоо менен Биринчи Май Мамлекеттик салык кызматына, шаардык статбөлүмгө берилет. 2020-ж. пандемияга байланыштуу кирешенин аткарылышы планга карата төмөндөгөн (88,8 %). Отчеттук сметалар КР ББж ИМ тарабынан бекитилет. Кирешелердин жана чыгашалардын сметалары аткарылды: 2019- ж. 96,5 %, 2020-ж. 85,7 %, 2021-ж. 94 %. Ошондой эле мамлекеттик органдары тарабынан финансалык тартип бузуулар аныкталган жоктугун комиссия белгилейт: КР Эсептөө палатасы, КР Өкмөтүнө караштуу Монополияга каршы жөнгө салуу мамлекеттик агенттиги, Мамлекеттик салык кызматынын Бишкек ш. Биринчи Май району боюнча башкармалыгы, КР ББжИМ башкаруу аудити, Мамлекеттик санитардык-эпидемиологиялык көзөмөл борбору, КР ӨКМ Өрткө каршы күрөшүү башкармалыгы.

Жогоруда айтылгандардын негизинде Окумуштуулар кеңеши

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. И.Раззаков атындагы КМТУнун Политехникалык колледжинин 2019–2020-жылдардагы каржы-чарбалык, окуу, окуу- методикалык, илимий жана тарбия иштеринин абалын эң жакшы деп табылсын.
2. Мамлекеттик тилди окутуу, аны ишмердүүлүктүн бардык багыттарында кеңири колдонуу боюнча жүргүзүлүүчү иштерди толуктап, кызматкерлерди колледжге жумушка кабыл алууда мамлекеттик тилди билүү деңгээлин аныктоо процедурасы ишке киргизилсин. *Жооптулар: колледждин жетекчилиги. Аткаруу мөөнөтү: дайыма.*
3. Чыгыш документтерди мамлекеттик тилде 100% жүргүзүү күчөтүлсүн. *Жооптулар: колледждин жетекчилиги. Аткаруу мөөнөтү: дайыма.*
4. Окутуучулардын штаттык пайызы лицензиялык талаптарга ылайык жогорулатылсын. *Жооптулар: колледждин жетекчилиги. Аткаруу мөөнөтү: дайыма.*
5. ТОСВТ, ЗЧС, ТЭОТОП, ОПУТ, ЭМА, ТОР жана ТОРАТ НКБП боюнча МУ иштеп чыгуу жана басып чыгаруу боюнча иштери күчөтүлсүн. *Жооптулар: колледждин ОМКсы. Аткаруу мөөнөтү: дайыма.*
6. 1-курстун студенттерине математика, физика жана информатика сабактары боюнча кошумча билим берүү шарттары каралып чыксын. *Жооптуулар: колледждин жетекчилиги. Аткаруу мөөнөтү: дайыма.*
7. Бүтүрүүчүлөрдүн адистиги боюнча ишке орношуусуна, алардын карьералык өсүүсүнө ж.б. бекитилген формалар боюнча кийинки жылдарда 3—4 жылдын ичинде үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүлсүн. *Жооптуулар: колледждин профориентациялык борбору. Аткаруу мөөнөтү: дайыма.*
8. Студенттерге колледждин бүтүрүүчүлөрүнүн ишке орношуу мүмкүнчүлүгүн, ошондой эле алардын жеке бизнесин ачуу жана жүргүзүү жөндөмдүүлүгүн бир топ жакшыртуучу ишкердик көндүмдөрдү берүү үчүн "Ишкердиктин негиздери" боюнча жаңы курстун пилоттук долбоору иштелип чыксын. *Жооптуулар: колледждин ОМКсы. Аткаруу мөөнөтү: дайыма.*
9. Бүтүрүүчүлөрдү даярдоонун сапатын баалоонун акыркы заманбап технологияларын киргизүү максатында практикага багытталган окутууну өнүктүрүү үчүн НКБП алкагында WorldSkills стандарттарына ылайык компетенттүүлүк элементтерин ишке ашыруу боюнча усулдук сунуштар иштелип чыксын. *Жооптуулар: колледждин ОМКсы. Аткаруу мөөнөтү: дайыма.*
10. Колледждин студенттеринин илимий-техникалык чыгармачылыгын жана илимий-изилдөө компетенцияларын Акылдуу адамдар клубу, ФабЛаб чыгармачылык клубу, студенттик кластерлер ж.б. уюштуруу менен өнүктүрүлсүн. *Жооптуулар: колледждин жетекчилиги. Аткаруу мөөнөтү: дайыма.*
11. Колледждин жаңы окуу имаратынын долбоорун иштеп чыгуу үчүн керектүү документтерди даярдоодо жана курулуш иштерине Негиздөөчү тараптан активдүү колдоо көрсөтүлсүн. *Жооптуулар: Негиздөөчү жана колледждин жетекчилиги. Аткаруу мөөнөтү: убагында.*
12. Бул токтомдун аткарылышына көзөмөл жүргүзүү ОИ проректоруна жүктөлсүн.

Окумуштуулар
кеңешинин төрагасы М.К. Чыныбаев

Окумуштуу катчы Б.Э. Таштобаева